КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

XXVIII чакырылышындагы Барскоон жергиликтүү кенешинин 2 кезектеги сессиясынан

# ТОКТОМ

**2024-жылдын 18-апрели № 9** **Барскоон айылы**

## Барскоон айылынын тургуну К.Өмүровдун кайрылуусу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесинин 11, 14-пункттарын, Кыргыз Республикасынын "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Мыйзамынын 19-беренесин жана айылдык кеңешинин регламентин жетекчиликке алып, Барскоон айылынын тургуну К.Өмүровдун сугат суунун тарифин жана убактысын бекитип берүү тууралуу жазган кайрылуусун угуп, талкуулап, жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Барскоон айылындагы "Тарылга-Булак" таза суусунан Жаштык, Чежи, Көк-Ой, Геология калктуу конуштарына жана Артылма-1, өйдөкү бакка сугат суусу дүйшөмбүдөн жумага чейин, убактысы саат **13-00** дөн эртең мененки саат **6-00** го чейин, ал эми тарифтик баасы 1 га жерге - **500 сомдон**, 0,15 га жерге - **200 сомдон** бекитилсин.
2. Суунун төлөмдөрүн өз мөөнөтүндө жыйналышына, суунун туура бөлүштүрүүсүнө жана жыйналган акча каражатын өз максатында чыгымдоо жагы Тарылга-Булак" таза суусунун кызматкери К.Өмүров көзөмөлдүк жүргүзсүн.
3. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб-сайтына жайгаштырылып, юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин финансы-экономикалык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Т.Асанбаевге тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ибаков**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска,юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, төрага – 1 нуска, баардыгы – 3 нуска